## 1. <u>Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)</u>

- **<u>Системалык жактан маанилүү төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>**

### 1.1 Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

ГСРРВ системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2015-жылдын 1-чейрегинде катышуучулардын орто күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү мурунку чейрек менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 19,53 пайызга жана 28,31 пайызга көбөйүп, 18,26 млрд сомду түзгөн.

Ал эми отчеттук мезгил ичинде системанын катышуучуларынын жигердүүлүгү жогорулап, жүгүртүүлөр 385,78 млрд сом чегинде түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин көрсөткүчүнөн 66,22 пайызга көбүрөөк болгон. Мындай өсүш Автоматташтырылган тоорук системасын пайдаланууга киргизген учурдан тартып ал аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын көбөйүшү менен байланыштуу болгон.

Өткөн отчеттук мезгилге салыштырганда системада жүгүртүү көрсөткүч азаюуну көрсөтүп (11,32 пайызга) отчеттук мезгилде 0,35 түзгөн.

Ликвиддүүлүк деңгээлине карата төлөмдөр көлөмүнүн катышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн негизинде системада *<u>финансылык тобокелдиктердин деңгээли</u>* система ичинде жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын сакталып турган жогорку көрсөткүчүнүн эсебинен минималдуу бойдон калган.


Системада орун алышы ыктымал болгон финансылык тобокелдиктердин дагы бир көрсөткүчүнөн болуп, катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы саналат, ал катышуучунун Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиздиги менен шартталат. Отчеттук мезгилде эсептешүүлөрдүн гросстук системасында 369,46 млн сом суммасында 4 төлөм кезекке турганы катталган. Мында, аталган төлөмдөр 30 минутадан кем эмес кезекте турган, бул эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын катышуучулары менен Улуттук банктын ортосунда түзүлгөн башкы келишимдин шарттарын бузбайт.

*<u>Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү</u>*: кезекте белгиленген төлөмдөр, башка катышуучуларга финансылык тобокелдиктерди алып келген эмес, анткени бул төлөмдөр катышуучунун корреспонденттик эсебине каражаттардын түшүүлөрү менен системага төлөмдөрдү жөнөтүү ортосундагы убактылуу ажырым менен байланыштуу болгон (банктар эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын башка катышуучуларынан өз эсебине каражаттардын түшүүсүн күткөн). Айрым катышуучулардын ликвиддүүлүгү жетпеген учурда, системанын эрежелерине ылайык бул төлөмдөр операциялык күн аяктаганда автоматтык түрдө система тарабынан четке кагылат.

**1-график. ГСРРВ системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли**




**2-график. Кезекке туруп калган төлөмдөрдүн саны жана суммардык мөөнөтү**




**3-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




*<u>Системада орун алган операциялык тобокелдиктер.</u>* ГСРРВ системасынын иш алып баруусуна талдап - иликтөөлөр тобокелдик фактору катары операциялык күндү узартууну эске алуу менен жеткиликтүүлүк

көрсөткүчү[1] 2015-жылдын 1-чейрегинде 100,00 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 1,78 пайызды түзгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,58 пайыздык пунктка аз). Бул көрсөткүчтүн мааниси катышуучулардын өтүнүчү боюнча системанын ишин узартуунун натыйжасында анын иш регламентинин бузулушу менен шартталган. Узартуунун суммардык убактысы 9 саат 25 минутаны, анын ичинен эң узак мөөнөтү – 2 саат 45 минутаны түзгөн.


Бул бузуулар Улуттук банктын тарифтик саясаты менен жөнгө салынат.

### 1.2 Пакеттик клиринг системасы (СПК)

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде системада акча каражаттардын белгиленген резервинен дебеттик таза позициянын ашкандыгына байланыштуу фактылар катталган эмес, бул катышуучулардын ликвиддүүлүгүнүн жетиштүү деңгээлин түшүндүрөт.

Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй, банк-катышуучулар СПК ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан көбүрөөк каражаттарды резервге койгон.


**4-график. 2015-жылдын 1-чейреги үчүн дебеттик таза позициянын ордун жабууга анын жана камдын (резерв) суммардык маанисинин катышы (млн сом).**




Ошентип отчеттук мезгилде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позицияны ордун жабууга коюлган камдар ликвиддүү каражаттардын зарыл деңгээлинен 4,6 эсе ашкан.

Пакеттик клиринг системасы тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 181,02 млн сом жалпы суммасында (иштеп чыгарылган төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 0,93 пайызды) 3 323 түзгөн (системада жалпы иштеп чыгарылган төлөмдөрдүн жалпы санынан 0,50 пайызды). Четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себебинен болуп, туура эмес реквизиттер көрсөтүлгөн төлөмдөр болгон.

**5-график. Коммерциялык банктардын четке кагылган төлөмдөрдүн саны**




1-таблица. Пакеттик клиринг системасында система тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | 2014-ж .1-чей. | | 2014-ж .4-чей. | | 2015-ж .1-чей. | | Өсүү (%) | | Абсолюттук түрдө | | Үлүш (%) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (%) | саны (%) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү | саны |
| Бардыгы | 205,65 | 3497 | 291,82 | 3517 | 181,02 | 3 323 | -11,98 | -5 | -24,63 | -174 | 100,00 | 100,00 |
| Субучастниктин туура эмес коду | 59,27 | 1057 | 36,75 | 857 | 4,71 | 191 | -92,05 | -82 | -54,56 | -866 | 2,60 | 5,75 |
| Туура эмес счет | 21,90 | 402 | 65,23 | 925 | 33,28 | 530 | 51,92 | 32 | 11,37 | 128 | 18,38 | 15,95 |
| Төлөмдүн ката коду | 64,70 | 1172 | 35,72 | 638 | 51,63 | 1 405 | -20,21 | 20 | -13,08 | 233 | 28,52 | 42,28 |
| Кайталанган референс | 27,41 | 277 | 20,81 | 868 | 14,98 | 557 | -45,34 | 101 | -12,42 | 280 | 8,28 | 16,76 |
| Төлөмдүн суммасы максималдык маániден ашуусу | 17,48 | 13 | 122,14 | 42 | 54,67 | 26 | 212,82 | 100 | 37,19 | 13 | 30,20 | 0,78 |
| Башка төлөмдөр | 14,89 | 576 | 11,17 | 187 | 21,76 | 614 | 46,10 | 7 | 6,86 | 38 | 12,02 | 18,48 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 21057,10 | 706771 | 142510,20 | 911773 | 19491,90 | 660 893 | | | | | | |
| Четке кагылгын төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | 0,98% | 0,49% | 0,20% | 0,39% | 0,93% | 0,50% | | | -0,05% | 0,01% | | |


---

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти - бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2015-жылдын 1-чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн көрсөткүчү 100 пайызды түзгөн, операциялык тобокелдик деңгээли 0,42 пайыз чегинде түптөлгөн. Операциялык тобокелдиктин бул көрсөткүчүнө системанын иш регламентинин узартылышы таасирин тийгизген. Катышуучулар тарабынан системанын иш мезгилдерин узартуунун суммардык мөөнөтү 1 саат 34 минутаны түзгөн, алардын ичинен узартуунун эң узак мөөнөтү 41 минута болгон.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү*: тобокелдиктер маанилүү эмес. 2015-жылдын 1-чейрегинде СПКанын ишинде техникалык үзгүлтүктөр байкалган эмес.

**6-график. СПКдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин ара катышы**




- **Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын ишине талдап-иликтөөлөр**

### 1.3 "Элкарт" улуттук төлөм системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* Маанилүү төлөм системалардын ишине кезектеги мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, "Элкарт" улуттук төлөм системасында жеткиликтүүлүк деңгээли 2015-жылдын 1-чейрегинде 99,69 пайызды түзгөн. Системадагы убактылуу үзгүлтүктөр менен байланыштуу операциялык тобокелдиктер 2015-жылдын 2 жана 6 февралында 0,31 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү*: үзгүлтүктөр олуттуу мүнөзгө ээ болгон жана системанын операторунун ишкердик аброюна тобокелдикти жаратышы мүмкүн.

**7-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунда операциялык тобокелдик ыктымалдыгынын көрсөткүчүнүн катышы**




### 1.4 Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасындагы алдамчылык транзакциялар

Коммерциялык банктардан Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчеттун чегинде алынган маалыматтарды талдап-иликтөөлөрдүн натыйжасында, төлөм карттарын эсептөө системаларында, 2015-жылдын *1-чейреги ичинде 99 шектүү операция катталган* (эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу менен 91 жана "Элкарт" карттары менен - 8 транзакция). Алардын ичинен митаамчылык транзакциялар катары жалпысынан 1 047 283,50 сомду түзгөн 56 транзакция каралган.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган алдамчылык ыкмалары боюнча маалыматтар

| Митаамчылык ыкмасы | 2014-ж. 4-чей. | | 2015-ж. 1-чей. | | Өсүү | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Жасалма төлөм карттар: | 2 | 42 000,00 | - | - | -2,00 | -42 000,00 |
| -Visa | 2 | 42 000,00 | - | - | -2,00 | -42 000,00 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Жоготулган, уурдатылган, унутулган төлөм карттар: | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | - | - | - | - | - | - |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Почта, телефон, интернет аркылуу заказ кылуу (скимминг): | 2 | 5 753,36 | 16 | 397 578,29 | 14,00 | 391 824,93 |
| -Visa | 2 | 5 753,36 | 16 | 397 578,29 | 14,00 | 391 824,93 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - |
| Башка транзакциялар: | 55 | 1 594 287,36 | 41 | 652 205,21 | -14,00 | -942 082,15 |
| -Visa | 55 | 1 594 287,36 | 40 | 649 705,21 | -15,00 | -944 582,15 |
| -Элкарт | - | - | 1 | 2 500,00 | 1,00 | 2 500,00 |
| Бардыгы | 59 | 1 642 040,72 | 57 | 1 049 783,50 | -2,00 | -592 257,22 |


Финансылык жоготуулардын пайда болушуна алып келген негизги себептери болуп карт ээлеринин коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы жана карттын эмитенти болгон банк менен түзүлгөн келишим шарттарын бузгандыгы саналат (мында, төлөм картына үчүнчү жактардын кирүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелбегендиги, ПИН-коддун купуялуулугунун жана сакталышынын камсыз кылынбашы).

Ошондой эле финансылык жоготууларга алып келген себептерден кара ниеттүүлөрдүн скиммингдик түзүлүштөрдүн жардамы менен алдамчылык операцияларды жүргүзүү жана карттарды жасалма жасоо боюнча кылмышкерлердин активдештирилиши болду.

Башка шектүү транзакциялар өз учурунда аныкталып, система менен четке кагылган. Банктар финансылык жоготууларга учураган эмес.

- **<u>SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук</u>**

**8-график. SWIFT ЖПТдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчү жана операциялык тобокелдиги**





*<u>Системада орун алган операциялык тобокелдиктер</u>*. 2015-жылдын 1-чейреги ичинде операциялык тобокелдик деңгээли 0,10 пайызды жана системадан пайдалануу деңгээли 98,79 пайызды түзгөн. Пайдалануу көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнө 2015-ж. 5-февралдагы үзгүлтүк таасир тийгизген. Келечекте мындай маселелердин келип чыгышына жол бербөө максатында, Alliance Access серверлерине түзөтүү иштери өткөрүлүп жана SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүндөгү билдирмелерин жана окуя журналдарын архивдөө боюнча пландык профилактикалык иштер өткөрүлгөн.

Улуттук банк, SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн эрежелерине ылайык, банк-катышуучуларга жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө алдын ала маалымдаган. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнө туташуу жана аны эксплуатациялоо жөнүндө келишимге ылайык, штаттык эмес жагдайлар келип чыккан учурда, коммерциялык банктар иште билдирүүлөрдү өткөрүп берүүнүн альтернативалуу каражаттарын колдонууга тийиш экендигин белгилей кетүү зарыл. Коммерциялык банктардын байланыштын альтернативалуу каналдарынын болушу жөнүндө жоопторуна талдап-иликтөөсү бардык банктар мындай каналдарга ээ экендигин көрсөткөн.

SWIFT системасында орун алган операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу деңгээлде калган.

- **<u>Коммерциялык банктарда төлөм системаларынын иштешине мезгил-мезгили менен мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>**

**9-график. 2015-ж. 1-чейреги ичиндеги коммерциялык банктарда катталган штаттык эмес жагдайлардын негизги себептери**




Коммерциялык банктардан Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчеттун маалыматтарына талдап-иликтөөнүн натыйжалары боюнча, 2015-жылдын 1-чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктардын төлөм системаларынын иштешинде 179 штаттык эмес жагдай катталган.

Мында, олуттуу мүнөздөгү штаттык эмес жагдайдын үлүшү штаттык эмес жагдайдын жалпы санынын 17,32 пайызын, олуттуу эмес – 82,68 пайызын түзгөн.

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- *<u>Энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр</u>* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттык эмес жагдайлардын жалпы санынын 56,98 пайызын түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* тобокелдиктер олуттуу эмес, анткени банктардын финансылык жоготуулары катталган эмес. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, банктар үзгүлтүксүз ток берүү булактары менен жабдылган. Электр энергиясынын өчүрүлүшү, банктардын аралыкта орнотулган айрым түзүлүштөрүнүн пайдаланууда кесепетин тийгизген.

- *<u>байланыш каналындагы үзгүлтүктөр</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттык эмес жагдайлардын жалпы санынын 21,23 пайызын түзөт.
- *<u>Аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде бузулуулар</u>* төлөм системаларынын ишиндеги штаттык эмес жагдайлардын жалпы санынын 21,79 пайызын түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* бул үзгүлтүктөр финансылык чыгымдарга дуушар кылган эмес, бирок банктардын кадыр-баркына жана кардарлардын банктык кызматтарга жана төлөм системаларына карата ишенимине терс таасирин тийгизет, ошондой эле коммерциялык банктардын пайда алуусуна да тобокелдиктерди өзүндө камтыйт.